КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ
ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
**Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору**
714003. Ош шаары,
Водозаборная к. 215/1

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
**Центр последипломного и непрерывного медицинского образования**
714003.г.Ош , ул.Водозаборная 215/1

№ 13 « 27 » 11 2023ж Ош шаары

Дирекция отурумунун

## ПРОТОКОЛУ

Төрайымы: А.К. Жанбаева.
Катчысы: А.А.Токтосунова
Катышкандар:
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К. К. Абдурасулов
Үзгултуксуз медициналык билим берүү бөлүмүнүн башчысы: Ч.А. Эшбаева
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси: Ж.Б.Иметова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар бөлүмүнүн окуу иштери боюнча орун басары: Г.А. Кочконбаева
Педиатриялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси:А.Т.Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим берүү программалар жетекчиси:Г.С.Эргешова
Окуу-методикалык кеңештин төрайымы: А.А.Токтосунова
Илимий-иштер төрайымы: Г.Н.Аттокурова
Проф.союз төрагасы: Г.У. Аскаров

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. “SCOPUS электрондук маалымат базасында кызматташтыктарды издөө. Ийгиликтүү жарыяга кадамдар” темасында семинар жөнүндө.
2. Интерналар жана ординаторлор арасында олимпиадаларды даярдоо жана уюштуруу.
3. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна анализы.

Угулду: А.К. Жанбаева.
2023-жылдын 20 ноябрь күнү “SCOPUS электрондук маалымат базасында кызматташтыктарды издөө. Ийгиликтүү жарыяга кадамдар” темасында семинар өткөрүлдү. Семинарда профессордук-окутуучулар курамы төмөнкү кадамдарды үйрөнүштү.
1) популярдуу теманы кантип тандоо керек;
2) команданы кантип табуу керек;
3) журналды кантип тандоо керек; Scopus программасында каттоо көндүмдөрүнө ээ болуп, коюлган тапшырмалар жарыяланган эмгектердин өндүрүмдүүлүгүнө жана маанилүүлүгүнө багытталган. Ы. Калмаматова семинарга өзү катышып презентация түрүндө баяндады.

2. Интерналар жана ординаторлордун арасында олимпиадаларды даярдоо жана уюштуруу.
Угулду: Г.С.Эргешова
Урматтуу кесиптештер! 2023-жылдын 7 декабрь күнү ОШМУнун ДКжҮМБББнун Стоматология адистиктер бөлүмүүндө ординаторлордун практикалык жөндөмдүүлүктөрүн сыноо максатында олимпиада өткөрүлөт. Ординаторлор Олимпиаданын башында өздөрүн

тааныштыруу максатында презентациялар менен чыгуу кылышат.  Анан Азуу тиштерди эндодонтиялык дарылоо жүргүзүшөт. Калыстар ар бир конкурсанттын ар бир дарылоо этабын карап, акырында визиограф менен каналдардын толтуруусун баалашат.

Угулду: Ж. Б. Иметова.
Урматтуу кесиптештер! 2023-жылдын 14 декабрь күнү ОШМУнун ДКжҮМБББнун интерналардын арасында  Цикл аралык олимпиадасы  “Өтө оор кырдаал” деген темада сыноо максатында өткөрүлөт.  4 команда катышат: Терапевттер, педиатрлар,  хирургдар  жана акушер-гинекологдор командасы. Жол  кырсык болгон учурда шашылыш медициналык жардамдын түрлөрүн көрсөтүүсү керек: көкүрөктү кысуу, өпкөнү жасалма желдетүү, өзгөчө кырдаалдарда пациенттин абалын ABCDE шкаласы боюнча баалоону көрсөтүү, кан агууну токтотуу, сыныктарга, эсин жоготкон балага  жана  кош бойлуу аялга  жардам  көрсөтүү. Калыстар ар бир команданын  практикалык жөндөмдүүлүктөрүн  баалашат.

Угулду: А.А. Токтосунова.
Урматтуу кесиптештер! Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна  анализ  жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча айта кетсем. 2023 жылдын бүтүрүүчүлөрү жалпы сааны- 126, алар сертификаттарды алганы  келгенде анкета толтурган. Бүтүрүүчүлөр арасында сурамжылоо жүргүзгөндө  алардын 41%ы окууну аяктаганга чейин адистиги боюнча жумушка орношкон экен. Калгандары жумуш издеп атышат, жана үй-бүлө шартына байланыштуу иштебей атышат. Бүтүрүүчүлөр арасында сурамжылоо жүргүзүү  уланат.

Токтом кылат:

**1.** 2023-2024-окуу жылында окуу процессин камсыздоо  боюнча окуу-методикалык куралдарын даярдоо планын бекитүү.
**2.** “SCOPUS  электрондук маалымат базасында кызматташтыктарды издөө жөнүндө иш алпаруу.
**3.** Интерналар жана ординаторлор арасында олимпиадаларды даярдоо жана графигин түзүү көзөмөлгө алуу К.К.Абдурасуловго жүктөлсүн.
**4.** Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуусуна  анализ  жүргүзүүнүн жыйынтыгын бекитүү..

Төрайымы: ____________ А.К. Жанбаева

Катчысы: ____________ А.А.Токтосунова